**И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**К. КАРАСАЕВ атындагы БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**Д 10.24.699 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШИ**

Кол жазма укугунда
УДК: 811.1/8:81.362(043)

**Кочорбаева Радима Болотбековна**

# «ТАМАК-АШ» ЛЕКСИКА-СЕМАНТИКАЛЫК ТАЛААСЫ (КЫТАЙ ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНИН МАТЕРИАЛЫНДА)

10.02.20 –тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын

**АВТОРЕФЕРАТЫ**

**Бишкек – 2025**

Диссертациялык иш Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз-кытай институтунун кытай тили жана адабияты билим берүү программасында аткарылды

**Илимий жетекчиси: Нарынбаева Бактыгүл Борбиевна**,
филология илимдеринин доктору, доцент,
Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук
университетинин кыргыз-кытай институтунун
кытай тили жана адабияты билим берүү
программасынын профессору

**Расмий оппоненттер: Тулеева Чынарбүбү Сартаевна**,
филология илимдеринин доктору, доцент
И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлеттик
университетинин эл аралык мамилелер
жана дүйнөлүк тилдер институтунун немис тили
кафедрасынын профессорлук милдетин аткаруучу
**Даулет Фатимабиби Ногайкызы**
филология илимдеринин кандидаты, доцент,
Аль-Фараби атындагы Казак улуттук университетинин,
чыгыш тануу факультетинин кытай тануу
кафедрасынын профессору

**Жетектөөчү мекеме:** Ош мамлекеттик университети, кыргыз-кытай факультети, кытай тили жана кытай таануу кафедрасы. (720000, Кыргыз Республикасы, Ош шаары, Монуев көчөсү 35)

Диссертациялык иш 2024-жылдын___ саат___И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 10.24.699 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: Бишкек шаары, И.Раззаков көч., 51 А. Коргоонун онлайн трансляциясынын идентификациялык коду: https://vc.vak.kg/b/102-pct-peh-h5a

Диссертация менен И. Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., И. Раззаков көч., 51А) жана К. Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин (720044, Бишкек ш., Ч. Айтматов просп., 27) илимий китепканаларынан жана Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу улуттук аттестациялык комиссиясынын сайтынан (www.vak.kg) таанышууга болот.

Автореферат 2025-жылдын ____________жөнөтүлдү

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы,
филология илимдеринин кандидаты, доцент Джаркинбаева Н.Б.

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын темасынын актуалдуулугу.** Этностун тилин жана маданиятын турмуш-тиричилигинен сырткары изилдөөгө мүмкүн эмес. Анткени элдин жашоо-турмушунда адамдын чыныгы муктаждыктары айкын көрүнүп, анын ичинде тамак-аш өзгөчө орунду ээлейт. Ар бир элдин жашоосунда тамак-аш негизги муктаждык гана болбостон жалпы маданий, социалдык жана экономикалык мааниге ээ болуп, улуттук дүйнө сүрөтүнүн өзгөчө сегменти катары кызмат аткарып, лексикалык каражаттар аркылуу чагылдырылат. Азыркы тил илиминде тилди салыштырма типологиянын объектиси катары тилдик талаа өңүтүнөн (полевой подход) изилдөө эң маанилүү багыттардын катарына кирет. Тамак-аш лексика-семантикалык талаасы бир тилдин алкагында, ошондой эле ар башка тилдердин каражаттарын салыштыруу аспектисинен да изилденип келгени менен, кытай жана кыргыз тилдеринин материалдарынын негизинде изилдөөгө алына элек. Ушул жагдайдан улам изилдөө ишинин темасына кайрылып, кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» лексика-семантикалык талаасын системалаштыруу жана комплекстүү изилдөө зарылдыгы жаралды.

**Диссертациянын темасынын илимий мекемелер тарабынан жүргүзүлгөн илимий программалар жана илимий изилдөө иштери менен болгон байланышы.** Диссертациялык иш Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин кыргыз-кытай институтунун кытай тили жана адабияты билим берүү программасынын илим-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

**Изилдөөнүн максаты** — кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» лексика-семантикалык талаасынын (ЛСТ) өзгөчөлүгүн аныктоо, ошондой эле эки маданиятта тамак-аштын тил аркылуу концептуалдашуусу жана кабыл алынышындагы өзгөчөлүктөрдү жана айырмачылыктарды талдоо. Бул максаттын алкагында «тамак-аш» ЛСТнын түзүмүн жана курамын изилдөө, негизги лексикалык жана фразеологиялык бирдиктерди, алардын семантикалык мүнөздөмөлөрүн жана маданий ассоциацияларын аныктоо, ошондой эле улуттук-маданий факторлордун тамак-ашты туюндурган сөздөргө тийгизген таасирин талдоо каралган.

Бул максатты жүзөгө ашыруу үчүн төмөнкүдөй **милдеттер** коюлду:

1. Изилдөөнүн теориялык базасын аныктоо жана мүнөздөө: талаа, лексика-семантикалык талаа жана анын улуттук өзүнчөлүгү.

2. Изилдөөгө алынып жаткан тилдердеги «тамак-аш» лексика-семантикалык талаасын объективдештирген сөздөргө жана тилдик туюнтмаларга илик жүргүзүү.

3. Кытай жана кыргыз тилдеринде «тамак-аш» ЛСТсын репрезентациялаган жана түзгөн зат атоочтор, этиштер лексика-

семантикалык топторун, «тамак-аш» талаасын сыпаттап берүү ыкмаларын аныктап чыгуу.

4. Эки лингвомаданияттагы «тамак-аш» лексика-семантикалык талаасын объективдештирген фразеологиялык бирдиктерди изилдөө.

5. Кытай жана кыргыз тил илимдериндеги «тамак-аш» лексика-семантикалык талаасынын улуттук спецификасын аныктоо.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңычылыгы:** 1) кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» лексика-семантикалык талаасын түзүүчү лексемаларга салыштырма-тектештирме өңүтүнөн илик жүргүзүлдү; 2) кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» лексика-семантикалык, фразео-семантикалык талааларынын курамындагы негизги каражаттар (макро жана микроталаалар) аныкталып, алар сыпатталды; 3) эки башка системадагы тилдердин материалында «тамак-аш» ЛСТсын репрезентациялаган сөз түркүмдөрүнүн (зат атоочтор, сын атоочтор, этиштер) лексика-семантикалык топторуна структуралык-семантикалык илик жүргүзүлдү; 4) салыштырылып жаткан эки лингвомаданияттагы «тамак-аш» ЛСТсын объективдештирүүчү фразеологиялык бирдиктердин өзгөчөлүктөрү көрсөтүлдү; 5) кытай жана кыргыз маданияттарындагы ашкананын жана тамак-аш жеш салттарынын жалпы жана кайталангыс өзгөчөлүктөрү аныкталды.

**Алынган натыйжалардын практикалык баалуулугу.** Изилдөөдөн алынган тыянак-натыйжаларды кытай жана кыргыз тил илимдеринин алкагында өтүлүүчү теориялык курстарды, маданият аралык карым-катыш, жандаштырма тил илими дисциплиналарын, лингвомаданият таануу боюнча атайын курстарды окутуунун теориясы менен практикасын өтүүдө, ошондой эле аталган багыттар боюнча окуу-методикалык куралдарын жазууда, сөздүктөрдү түзүүдө, чет тили факултеттеринде курстук жана дипломдук иштердин тематикаларын аныктоодо пайдаланууга болот. Кытай жана кыргыз элдеринин тамак-ашындагы өзгөчөлүктөрдү комплекстүү изилдөө эки тилди салыштырып изилдөө жаатындагы жаңы изилдөөлөрдүн жаралып, аталган багыттын өнүгүүсүнө өбөлгө түзөт.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору:**

1. «Тамак-аш» лексика-семантикалык талаасы дүйнөнүн кытай жана кыргыз тилдериндеги тамак-аш дүйнө сүрөтүнүн жалпы да, спецификалык да белгилерин чагылдырган универсалдуу жана активдүү лексикалык системача.

2. Кытай жана кыргыз лингвомаданияттарындагы «тамак-аш» ЛСТнын лексикасын салыштыруунун натыйжасында азык-түлүк аталыштарындагы айырмачылыктар кытай жана кыргыз тилдеринин алып жүрүүчүлөрүнүн көчмөн жана отурукташкан жашоо образына, ошондой эле бул элдердин жашаган жерлеринин географиялык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу болот. Кыргызстандын көчмөн калкы мал чарбачылыгын

байланыштуу тамак-аш аталыштарын пайда кылса, Кытайдын отурукташкан жашоо образы өсүмдүктөр жана дан өсүмдүктөрүнө байланыштуу лексиканын байышына шарт түзгөн.

3. Салыштырылып жаткан тилдердеги «тамак-аш» ЛСТсынын түзүмү жетиштүү деңгээлде көлөмдүү келип (өзөк, жакынкы жана алыскы жака белдер), эки тилдеги лингвомаданий компоненттердин окшоштуктары менен айырмачылыктарын айкын чагылдырат, ал эми спецификалык семантикалык карым-катыштар эки элдин тамак-аш дүйнө таанымдарынын өзгөчөлүктөрүн чагылдырат.

4. «Тамак-аш» ЛСТсынын фразеологиялык репрезентанттарын талдоо эки элдин ашканасындагы айырмачылыктардын универсалдуу жана спецификалык өзгөчөлүктөрүн, эки элдин тамак-аш жеш салтын аныктайт.

5. Кытай жана кыргыз лингвомаданияттардагы тамак-аш салт-жөрөлгөлөрүнүн кайра жаралуусуна кам көрүү ааламдашуу шартында улуттук өзүнчөлүүлүктүн, меймандостук маданиятынын сакталышына, тамак-аш мурастарынын калк арасында жайылышына өбөлгө түзөт.

**Изилдөөчүнүн жеке салымы.** Изилдөөгө алынып жаткан тема боюнча тиешелүү илимий адабияттарды, материалдарды топтоо, иликтөө, ошондой эле теориялык жактан жалпылоо, классификациялоо, тамак-ашта чагылдырылган маданий айырмаларды интерпретациялоо автордун жеке салымы болуп эсептелет.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын апробацияланышы.** Диссертациялык изилдөөдөн алынган тыянактар жана натыйжалар боюнча илимий-практикалык конференцияларда жана семинарларда докладдар жасалган.

**Изилдөөнүн натыйжаларынын жарыяланышы.** Изилдөөнүн негизги жоболору боюнча жалпысынан 8, анын ичинде РИНЦ системасы аркылуу индекстелген басылмаларда 6 макала, КР ЖАК тарабынан расмий каттоодон өткөн жыйнактарда 2 макала жарыяланып, 1 илимий монография жарык көрдү.

**Диссертациянын түзүмү жана көлөмү.** Диссертациялык иш киришүүдөн, үч баптан, корутундудан, пайдаланылган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат. Иштин жалпы көлөмү 161 бетти түзөт.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациялык иштин актуалдуулугу негизделип, изилдөөнүн максаты, милдеттери көрсөтүлүп, илимий жана практикалык жаңылыгы, коргоого коюлуучу негизги жоболор белгиленип, алынган натыйжалардын колдонулуу чөйрөсү аныкталды.

**Биринчи бап «Изилдөөнүн теориялык негиздери»** деп аталып**,** анда тил илиминдеги талаа түшүнүгүнүн теориясы менен структурасына

арналган илимий адабияттарга жана лигвомаданият таануудагы, изилденип жаткан тема боюнча адабияттарга сереп жасалды.

Биринчи баптын **«Тил илиминдеги талаа модели жана анын түрлөрү»** деп аталган биринчи бөлүмүндө белгилүү ата мекендик жана батыш окумуштууларынын тил илиминдеги «талаа» термининин жана анын структуралаштыруу боюнча сунуштаган негизги аныктамалары каралган. Атап айтканда, изилдөө ишибизде И.Трир, Г.Ипсен, Д.Н.Шмелев, Г.С.Щур, Й. Вейсгербер, В.В.Красных, Ю.Н.Караулов, И.В.Сентенберг, Э.Косериу, Л.А. Новиков, П.Н.Денисов, Л.М. Васильев өңдүү окумуштуулардын эмгектеринде ЛСТ боюнча сунушталган концепциялары иликтенген. Ал эми кыргыз тил илиминде лексика-семантикалык талаага байланышкан изилдөөлөр Б. Юнусалиев, Б.Орузбаева, С.Өмүралиева, С.Осмонова, Б.Борчиева өңдүү окумуштуулар тарабынан жүргүзүлгөн.

«Талаа» термининин биздин изилдөө ишибизде коюлган башкы максатка шайкеш келген аныктамасы лингвистикалык сөздүктө берилген: Талаа – кубулуштардын түшүнүктүк, предметтик же кызматтык окшоштуктарын чагылдырган, мазмундук жалпылык (айрым учурда формалдуу көрсөткүчтөрдүн жалпылыгы) аркылуу бириккен тилдик бирдиктердин (негизинен, лексикалык) жыйындысы [ЛЭС 1990: 380]. Тилчи-окумуштуулар талаанын *лексикалык, семантикалык, ассоциативдик, сөз жасоочулук, грамматика-лексикалык функционалдык-семантикалык жана фразеосемантикалык* түрлөрүн бөлүп көрсөтүшөт. Биздин изилдөө ишибиз үчүн, ириде, *лексикалык, семантикалык, ассоциативдик жана фразеосемантикалык талаалар* маанилүү экендиги белгиленген. Лексика-семантикалык талаа система түзүүчү өзгөчө бирдик катары татаал структурага ээ, анын курамдык элементтери өз ара парадигматикалык катыш аркылуу байланышкан. Биздин пикирибизде, лексика-семантикалык талааны туюндурган маанилери боюнча талаанын өзөгүнөн ар кандай «аралыкта» жайгашкан (жакынкы жана алыскы жака бел) өз ара тектик маани (талаанын өзөгү) аркылуу бириккен сөздөрдүн (сөз айкаштарынын) белгилүү бир тобу катары түшүндүрүүгө болот.

**Биринчи баптын экинчи бөлүмүндө** тамак-аш ЛСТнын ар башка тилдерде изилденишине байланышкан окумуштуулардын эмгектери иликтөөгө алынды. «Тамак-аш» лексика-семантикалык талаага багытталган изилдөөлөрдүн азыркы учурда да актуалдуу мүнөзгө ээ болуусу окумуштуулардын тигил же бул лингвомаданияттын улуттук спецификалык табиятын изилдөөгө болгон кызыгуулары аркылуу түшүндүрүлөт. «Тамак-аш» ЛСТ ар кайсы өлкөлөрдүн этнологдорунун, тилчи-окумуштууларынын эмгектеринде ар башка тилдерди салыштыруу аркылуу же бир тилдин чегинде изилдөөгө алынган (Ахмедова Д. Х. (2020), Гашимов Эльчин Айдын оглу (2005), Косвои М. М. (2014), Мухаммадиева Х. Н. (1979), Мирзоева З. Дж. (2016), Миронова И. К.

(2002), Синячкина В. П. (2002), П. Ю. Янина (2011), Икрамова Н. М. (1983), Беленко Е. В. (2006), А. А. Жапанов (2003), К. А. Кочкунов (2013), Т. Бөрүбаев (1982), С. Ш. Ибрагимова (1991), С. Кайыпов (2012) ж.б.). Сөз болуп жаткан «тамак-аш» ЛСТсы кытай жана кыргыз тилдеринде жандаштырып изилдене электигин белгилей кетүүгө болот.

**Биринчи баптын үчүнчү бөлүмү** тил илиминдеги актуалдуу багыт катары эсептелген лингвомаданият таанууга арналган. Лингвомаданият таануу этностун, этностор тобунун же бүтүндөй адамзат коомунун тилдик каражаттар аркылуу туюндурулган материалдык жана рухий маданиятын изилдөөгө алган гуманитардык дисциплина катары аныкталып жүрөт. Азыркы тил илиминдеги лингвомаданият таануу багытында жазылган белгилүү эмгектердин бири катары В. А. Маслованын «Лингвомаданият таануу» окуу куралын эсептөөгө болот. Ошондой эле лингвомаданият таануу Кыргызстанда С.Ибрагимов, П.К.Кадырбекова, З.К.Дербишева, У.Д.Камбаралиева, М.Ж. Тагаев, Б.Б.Нарынбаева өңдүү бир катар окумуштуулардын изилдөөлөрүнүн предметине айланган.

**Биринчи баптын төртүнчү бөлүмү «Кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» түшүнүгү жана анын номинанттары»** деп аталат. Аталган бөлүмдө лексикографиялык булактарга таянуу аркылуу салыштырылып жаткан тилдердеги тамак-аш түшүнүгүнүн лексикалык объективизациясын туюндурган, колдонулуу жыштыгы жогору лексемалар менен сөз айкаштары сыпатталып, аларга иликтөө иши жүргүзүлгөн.

**Кытай тилиндеги** төмөндөгүдөй тамак-аш түшүнүгүнө ээ, өзөктүү сөздөр аныкталган: 饭 fàn *(тамак-аш)* өзөк катары алынды, ал эми 食 shí, 菜 cài, 美食 měishí, 饮食 yǐnshí лексемалары (*тамак-аш, азык, азык-түлүк*), 饭菜 fàn cài, 餐 cān, 食品 shípǐn, 食物 shíwù, 饭食 fànshí, 吃饭 chīfàn (*тамак-аш, тамак, азык-түлүк, тамактануу, наар*), 口腹 kǒufù (*жашоо тиричилик кылуу),* 膳食 shànshí (*тамактануу*), 伙食 huǒshi (дасторкон/азык). Кытай тилинен келтирилген жогорудагы иероглифтер аркылуу тамак-ашка байланышкан универсалдуу түшүнүктөр туюндурулганы менен, алардын ар бири ар кандай кептик кырдаалга ылайык колдонулат. Мындай жагдай кытай тилинин грамматикасынын өзгөчөлүгүн, тагыраак айтканда, анда синонимия кеңири спектрге ээ экендигин көрсөтөт. Биздин иште 饭 fàn (еда) сөзү, «тамак-аш» түшүнүгүнүн гипероними болуп, кытай тилинде ЛСТнын өзөктүү сөзү катары аныкталды.

Кытай ашканасынын 5000 жылдык тарыхында элдин жашаган географиялык аймагынын, анын тутунган салт-санаасы менен маданиятынын таасири астында тамактануунун эреже-ырааты, жөрөлгөлөрү калыптанып, кытай тамактарынын көп түрдүүлүгүнө өбөлгө түзүлгөн. Кытай ашканасын айрымалап турган өзгөчөлүк катары 八大菜系 bādà càixì түшүнүгү эсептелип, ал сегиз чоң кытай ашканасын (*шаньдун,*

*сычуань, кантон, хуайян, хунань, фуцзянь, чжэцзян, аньхой*) туюндурат. Мында тамак-аш жыл мезгилдерине ылайык даярдалып, тамактын кубаты, даамы менен катар анын коздугуна, жасалгасына, жытына, ингредиенттердин тууралышына да өзгөчө көңүл бурулган. Мындай маданий дөөлөт муундан муунга өтүп, сакталып келген.

**Кыргыз тилинде.** Кыргыздардын салттуу тамак-ашы байыркы мезгилдерден башат алып, XIX кылымдын ортосуна чейин көчмөн элдерге мүнөздүү орток маданияттын нугунда калыптанып келген. Кыргыз элинин тамак-аштарынын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү жаңы азык-түлүктөрдөн жасалышы жана дээрлик бардык тамактар эттен (кой, уй, жылкынын, эчки, топоздун, өтө сейрек учурда төөнүн этинен) жасалышын, сүт азыктарынын колдонушун эсептөөгө болот. Акырындап отурукташкан элдерге мүнөздүү маданияттын таасири астында кыргыз ашканасында дан азыктары колдонула баштаган. Ишибизде кыргыз тилиндеги «тамак-аш» лексикалык талаасын изилдөөдө *тамак, аш, оокат, наар, даам, азык* номинаттарынын катары аныкталды. Андан соң аталган номинаттардын этимологиялары аныкталып, сөз болуп жаткан универсалдуу лексемалардын маанилери чечмеленген. Натыйжада, *тамак-аш* талаанын өзөгү катары аныкталып, *тамак, аш, оокат* жакынкы жака белге киргизилген (тамак-аш маанисине байланыштуу), *наар* жана *даам* (этиштер менен айкашып келип, аракет семантикасына ээ), *азык* (азык-түлүк маанисинде колдонулат).

**«Изилдөөнүн методологиясы, методдору жана материалдары» аттуу экинчи бапта** изилдөөнүн предмети, объектиси, материалдары, методологиясы, ошондой эле методдору жөнүндө маалыматтар берилди.

**Изилдөөнүн объектиси** катары кытай жана кыргыз тилдериндеги тамак-аш лексика-семантикалык талаасы эсептелет.

**Изилдөөнүн предмети** болуп тамак-аш лексика-семантикалык талаасына кирген лексикалык жана фразеологиялык бирдиктердин лингвомаданий өзгөчөлүктөрү саналат.

Мындан тышкары изилдөөнүн **гипотезасы** аныкталды: биздин пикирибизде, тамак-аш лексика-семантикалык талаасын талаа өңүтүнөн карап, лингвомаданият таануучулук илик жүргүзүү андагы эки элдин улуттук өзүнчөлүүлүгүнүн кеңири спектрин, дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн бир сегменти катары спецификасын аныктоого өбөлгө түзөт.

**Экинчи баптын биринчи бөлүмү изилдөөнүн метолодогиялык негизине жана методдоруна арналган.** Изилдөө ишибиздин метолодогиялык жана теориялык базасы «талаа» термининин теориялык жана практикалык маселелерин изилдөөгө алган белгилүү окумуштуулардын төмөндөгү фундаменталдуу эмгектерине негизделген: талаа теориясы (Щур, 1974; Трир,1998; Ибсен,1924; Порциг,1957; Балли,1957); лексика-семантикалык талаанын структурасы

(Караулов,1972; Кобозева,2000; Вердиева,1986; Васильев,1971; Апресян, 1995); грамматика-лексикалык талаа теориясы (Гулыга, 1969, Гухман, 1961); талаа методу (Адмони,1968, Иванова,1981, Стернина,1981); талаанын прагматикалык аспектиси (Ломтева, 1956); функционалдык-семантикалык талаа (Бондарко, 1984, Борчиева, 2005), лексикалык, семантикалык жана функционалдык-семантикалык талаа (Орузбаева,1978 Омуралиева, 2001 Дербишева,1988); фразео-семантикалык талаа (Бирих 1995, Сабурова 2002).

Изилдөө ишибизде коюлган башкы максатка жана милдеттерге, ошондой эле каралып жаткан маселелердин мүнөзүнө ылайык, төмөнкү методдор жана ыкмалар колдонулган: эмпирикалык, сыпаттоо, салыштырма-тарыхый, компоненттик анализ, интерпретациялоо, фразеологиялык сыпаттоо методдору, структуралык типологиянын жана лингвомаданият таануунун айрым ыкмалары менен методдору.

**Экинчи баптын экинчи бөлүгүндө материалдар** салыштырылып жаткан тилдердеги «тамак-аш» ЛСТсы ар кандай булактардан алынган маалыматтарды (монографиялар, макалалар, жыйнактар, интернет булактары ж.б.) талдоонун негизинде тандалып алынды. Мындан тышкары, 10 жылдан ашык мезгил аралыгында топтолгон 2000дөн ашуун мисалды камтыган (тамак-аш, азык, тамактардын аталыштары жана алардын жасалышы ж.б.) картотека түзүлдү, төмөндө көрсөтүлгөн кулинардык адабияттардан, рецепттер боюнча окуу китептеринен, кытай жана кыргыз тилдеринин түшүндүрмө, фразеологиялык, этимологиялык сөздүктөрүнөн туташ тандоо жолу менен алынган: Саспаев А. «Кытайча-кыргызча сөздүк» (2015), Ошанин И.М. «Большой китайско-русский словарь» (1983) (по русской графической системе), «Словарь современного китайского языка（现代汉语词典）» (2019), Русско-китайский фразеологический словарь. 俄汉成语词典 (1984), Фразеологический словарь китайского языка (на китайском языке) (2004), Сейдакматов, К. Кыргыз тилинин кыскача этимологиялык сөздүгү (1988), Юдахин, К.К. Киргизско-русский словарь (1965), Энциклопедия «Манас» (1995), Кыргыз тилинин фразеологиялык сөздүгү (1980, 2015), кытай жана кыргыз тилдеринде ашкана кесиптик лексикасы боюнча Ли Синь (2021), Юй Пэн (2020), ошондой эле Т.Бөрүбаевдин «Киргизская кухня» (1982), С.Ш.Ибрагимованын «Современная киргизская кухня» (1991) өңдүү сөздүктөрү менен окуу китептеринен тандалып алынган.

**Экинчи баптын экинчи бөлүгүнүн биринчи кичи бөлүгүндө кытай тилиндеги «饭 fàn (тамак-аш)» номинанттарынын типологиясы сыпатталган.** Иште тамак-аштын кытай тилиндеги 800гө жакын аталыштары тандалып алынып, алардын жасалуу технологиялары иликтенген. Лингвистикалык анализдин объектиси - тамак жасоонун

технологиясы жана тамак-аштын курамдык чөйрөсү катары алардын тиби, аталышы, курамы, түзүлүшү жана башка параметрлер боюнча классификациясы берилген. Классификациялоо жана сыпаттоо методдорун колдонуу аркылуу кытай тилиндеги «тамак-аш» ЛСТсы төмөндөгүдөй беш макроталаага бөлүштүрүлгөн:

1) «Суюк (биринчи) тамак» макроталаасы: *суюк тамактарды 汤* tāng камтыйт. Беш негизги кытай сорпосу: тунук сорпо (**上汤** shàngtāng); тоок сорпо (**鸡汤** jītāng); чочконун сорпосу (**瘦肉** shòuròutāng); ак сорпо (**白汤** báitāng); балык сорпосу (**鱼汤** yútāng). Көбүнчө эки же андан көп шорпо берилет, бирок Кытайда эч качан алар менен тамакты башташбайт, ошондуктан башка элдердин тамактануу маданияттарынан айырмалап, «биринчи тамак» деп атоого болбойт.

2) «Коюу тамак» макроталаасы: 热菜 rè cài ысык тамактар, эт кошулган тамактар *(эштин, чочконун, өрдөктүн, тооктун эттери, балык),* 荤菜 hūncài, жашылчадан жасалган тамактар, 素菜 sùcài, деңиз азыктарынан жасалган тамактар, **海鲜** hǎixiān, муздак тамактар 冷盘 lěngpán (эт кошулган тамактар 肉拌凉菜 ròu bàn liángcài, жашылчадан жасалган тамактар 素拌凉 sù bàn liángcài). Кытайда жумурткадан жасалган тамактар негизги тамактардын катарына кирет деп белгилей кетүү керек;

3) «Суусундуктар» макроталаасы: «ичимдиктер» 饮料 yǐnliào (алкоголдук 酒精 jiǔjīng жана алкоголсуз 非酒精 fēi jiǔjīng: эң кеңири таралган суусундук албетте чай, ал 绿茶 *lǜchá (көк чай),* 红茶 *hóngchá (кызыл чай),* 乌龙茶 *wūlóngchá（оолонг чай),* 白茶 *báichá (ак чай),* 黄茶 *huángchá (сары чай),* 黑茶 *hēichá （кара чай)* болуп бөлүнөт. Сүт жана сүт азыктары дээрлик керектелбегендигин белгилөөгө болот, алардын ордуна **豆奶** dòunǎi (соя сүтү) колдонулат. Алкоголдук ичимдиктер 酒精 jiǔjīng Кытайда түсү боюнча айырмаланат: **白酒** *(**báijiǔ**) — ак спирт ичимдиги (арак),* **黄酒** *(**huángjiǔ**) — сары,* **红 酒** *(**hóngjiǔ**) — кызыл;*

4) «Дан азыктарынан жасалган тамактар» – негизги тамактар: *主食 zhǔshí (粮食性食品 liángshí xìng shípǐn* (күрүчтөн жасалган тамак-аштар, буудай жана буурчактан жасалган тамактар, камыр азыктары). Күрүч — негизги тамак азыгы болуп саналгандыктан, кытай эли күрүчтү, башка көпчүлүк өлкө элдери нанды тамак катары жегендей эле колдонушат;

5) «Десерт» макроталаасы – «нөлдүк тамак-аштар»: 零食 língshí шириндиктер 点心 diǎnxīn.

Кытай кулинариясынын үч деңгээли бар: күнүмдүк, майрамдык жана салтанат (парадная кулинария) тамак-аштары. Күнүмдүк ашканага тиешелүү тамак-аштар жалпыга жеткиликтүү, арзан. Кытай элинде эртең мененки тамак таң эрте ичилип, жеңил келет. Түштөнүүдө күрүчтөн, ундан, жашылчалардан (айрыкча буурчактан), чөптөрдөн жана түрдүү

татымалдардан жасалган тамактар көп колдонулат. Майрамдык тамактар ар түрдүү келип, кызыгуу жараткан аталыштарга бай. Салтанат тамак-аштары (парадные блюда) – туулган күнү өтүп жаткан күнөөкөргө 长寿 *chángshòu* (узун өмүр) калоо менен 面条 *miàntiáo* （кесме） тартылат. Кытай маданиятында тамактануу процесси ар дайым элдин баалуулуктарын жана үрп-адатын чагылдырган маданий салттын жана коомдук байланыштын маанилүү элементи катары каралып келген.

**Экинчи баптын экинчи бөлүгүнүн экинчи кичи бөлүгүндө кыргыз тилиндеги «тамак-аш» номинанттарынын типологиясы сыпатталган.** Диссертациялык иштин бул бөлүмүндө кыргыз элинин ашканасындагы тамак-аштарды атаган, кыргыз тилиндеги «тамак-аш» ЛСТсына кирген 800дөн ашуун лексикалык бирдиктер иликтенип, алар 5 макро жана микроталааларга бөлүштүрүлгөн:

1) «Суюк тамак» макроталаасы: «*суюк аш*» *сорпо*, *шорпо*; Анын төмөнкүдөй түрлөрү бар: *нак сорпо, кайнатма сорпо, мээлеген сорпо, ак сорпо, каганат сорпо, сүттүү сорпо, ак серке, кам сорпо, көк сорпо, кара дөң сорпо, ала дөң сорпо, эрмен сорпо; куурма шорпо, кесме шорпо, тоок шорпо*, *балык шорпо*.

2) «Коюу тамак» макроталаасы, «*коюу оокаттарга*» негизинен койдун этинен (уй эти) жасалган ар түрдүү тамактар кирет, мисалы: *куурдак, кебеп, жаа бөйрөк, мууздоо, керчөө, куйкаланган баш-шыйрак, тоңдурма куурдак, беш бармак.* Ичеги-карындан жасалган тамактарга *ич этти;* өпкөдөн жана карындан жасалчу *жөргөмдү, олобону;* майда тууралган боор, май жана кан кошулуп жасалчу *быжыны* киргизүүгө болот. Жылкынын этинен: *чучук*, *нарын*, *казы, карта, жал, күлазык*, *кыйма жал.* Уйдун ичегисинен: *сары жүрмө, жөргөм*, *май чучук, беш салаа* жана сейрек учурда эчкинин, төөнүн же топоздун этинен жасалат;

3) «Сүт азыктары» макроталаасына кирген сүт азыктарына кыргыз тилинде алар «ак» деп аталат жана бул түскө болгон мамиле кыргыз салтында өзгөчө орунду ээлейт. Кыргыздар тарабынан ар кандай үй жаныбарларынын: эчкинин, уйдун, бээнин, топоздун сүтү колдонулуп келген. Жалпысынан, сүт азыктарын төмөндөгүдөй микроталааларга бөлүштүрүүгө болот: «таттуу сүт азыктары» микроталаасы: *ууз, каймак, чөбөгө;* «кычкыл сүт азыктары» микроталаасы: *айран, жуурат, сүзмө, курут, иримчик, эжигей, саамал, көөрчөк* ж.б.;

4) «Дан азыктары» макроталаасына «буудай», «таруу», «жүгөрү» микроталаары кирет жана өз кезегинде, аталган дандардан жасалган тамак-аштарды камтыйт.

5) «Суусундуктар» макроталаасы «ысык суусундуктар» жана «улуттук суусундуктар» деген эки микроталаага бөлүндү. Ысык ичүлүүчү суусундуктарга *чай (карандай, сүттүү, актаган чай, куурма чай, шир чай), сүзмө* жана улуттук суусундуктарга *максым, чалап, тан, чүлү,*

*шербет, шире, арашан суулар, кымыз, бозо(тару, жүгөрү, буудай бозосу)* кирет. Кыргыздар кымызды сүттү айран же эски кымыз менен ачытуу аркылуу жасап келишкен.

Үчүнчү бап **«Кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» ЛСТсынын салыштырма изилдөөдөн алынган натыйжалар»** деп аталып, мында кытай жана кыргыз тилдериндеги тамак-аш ЛСТсынын окшоштуктары, айырмачылыктары менен жалпылыктары аныкталган.

Үчүнчү баптын «**Кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» талаасын түзгөн зат атоочтордун лексико-семантикалык топтору**» деп аталган бөлүмүндө кытай жана кыргыз тилдериндеги тамак-аш ЛСТсынын өзөгүнө, жакынкы жана алыскы жака белдерине кирген зат атоочтор иликтөөгө алынган. Тамак-аш семантикалык талаасынын түшүнүктүк структурасына басым жасоо менен, коомдук тамактануу жайларына дагы токтолуп өтүүгө болот. Кытай маданиятында коомдук тамактануу жайлары бул **饭馆** *fànguǎn (ресторан),* **餐厅** *cāntīng (ашкана),* **茶馆** *cháguǎn (чайкана),* **酒吧** *jiǔbā (эс алуу жайы (бар)* болсо, ал эми кыргыз маданиятында байыркы көчмөн маданияттын таасиринен улам, коомдук тамактануу жайларына болгон мамиле кытай маданиятынан айырмаланат. Кыргыз элинин турмушунда коомдук тамактануу жайлары катары, көбүнесе, *чайкана, ашкана* өңдүү жайлар эсептелип келген. Кытай тилинде -馆 (guǎn) суффикси мааниси кыргыз тилиндеги *-кана* сөз жасоочу мүчөсүнө шайкеш келет. Маселен, кыргыз тилинде чай+*кана*= чай*кана* болсо, ал эми кытай тилинде 茶 чай+馆=茶馆 (чайкана) сөзү жасалат. Мында кытай жана кыргыз тилдериндеги зат атоочтордун сөз жасоо ыкмасы окшош экендиги туурасында тыянакка келүүгө болот. Кытай ашканасындагы көптөгөн тамактардын жана ингредиенттердин аталыштарын которууда алардын башка тилдердеги эквиваленттерин табууга болот, бирок кытай тилиндеги айыл-чарба өсүмдүктөрүнүн түрлөрүнүн аталыштарын кыргыз тилине которууда генерализация, б.а., жалпылап которуу ыкмасы колдонулат, маселен, 稻 *dào (себилме күрүч),* 水稻 *shuǐdào (сугат күрүч),* 大米 *dàmǐ (күрүч акшагы),* 香粳 *xiāngjīng (жыпар-жыттуу),* 米饭 *mǐfàn (бышырылган күрүч )* деген күрүчтүн түрлөрүнүн баары эле кыргыз тилине *күрүч* деп которулат. Ал эми кыргыз тилинде нандын (10 ашык) же сүт азыктарынын (15 жакын), улуттук суусундуктардын (20 жакын) түрлөрүн бөлүп көрсөтүүгө болот. Демек, дүйнөнүн тамак-аш сүрөтүнүн кабылданышы эл жашаган аймактардын өсүмдүктөрүнүн, жаныбарларынын, ошондой эле географиялык жана жаратылыш шарттарынын өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу.

**Сөз болуп жаткан баптын экинчи бөлүмүндө** кытай жана кыргыз тилдериндеги **«тамак-аш» талаасын репрезентациялаган**, **этиштердин лексика-семантикалык топтору иликтенген.** Кытай тилиндеги даярдоо, кууруу, кайнатуу, демдөө жалпы семантикалары менен бириккен 45тен

ашык этиштер изилдөөгө алынган. Ал этиштер туюндурган маанилер тамак жасоодогу убакытка, кылдаттыкка, температурага, майдын өлчөмүнө, ал гана эмес колдонулган идиш-аякка байланыштуу айырмаланары тууралсындагы жыйынтыкка келүүгө болот. Кыргыз тилиндеги 37ден ашык тамактанууга, тамак жасоого байланышкан этиштердин семантикалык классификациясы алардын көп баскычтуу семантикалык түзүлүшкө ээ экендигин көрсөттү. Башкача айтканда, бул этиштердин ар бири контекстке жараша бир нече маанилерге же маани түстөрүнө ээ болушу мүмкүн. Бул этиштердин семантикалык классификациясы ар бир этиш үчүн маанилердин татаалыраак системасы бар экенин көрсөтөт, жана аларды туура түшүнүү үчүн алардын семантикасынын бир нече аспектилерин же компоненттерин эске алуу керек. Мындан тышкары, изилдөө ишинде кытай жана кыргыз тилдериндеги тамактануу жана аны даярдоо түшүнүгү менен байланышкан этиштик лексиканын лексика-семантикалык топторунун бир катар окшоштуктарга жана айырмачылыктарга ээ экендиги аныкталды. Эки тилде тең тамактануу процессине байланыштуу базалык кыймыл-аракетти билдирген төмөндөгүдөй этиштер аныкталган: *же, ичүү, тамактануу, жутуу* ж.б. Бирок кытай тилинде этиштердин бул тобу ар кандай семантикалык оттенокторду билдирүү менен, деталдаштырылган мүнөздө болуп, кытай маданиятында тамакка болгон өзгөчө мамилени чагылдырса, кыргыз тилинде тамак-ашка колдонулуучу азыктарды даярдоо процессине көбүрөөк басым жасалат. Маселен, *炒 chǎo (майга кууруу)* кыргыз тилинде *куруу деп которулат; 烤 kǎo (отко кууруу)* этиши, кыргыз тилинде – *куруу.* Кыргыз тилиндеги этиштик лексикада тамактанууга байланыштуу базалык кыймыл-аракеттерге, тамак-ашка колдонулуучу азыктарды даярдоо процессине байланыштуу сөздөр басымдуулук кылат: *ачыт, буула, быш (кымызды), бышыр, даярда, какта, демде* ж.б. Муну кыргыздардын салттуу турмушундагы чарба жүргүзүү өзгөчөлүгү менен түшүндүрүүгө болот. Белгилей өтчү дагы бир жагдай, кыргыздар тамактануу адебине абдан олуттуу мамиле жасашат, улуулар тамактанып баштамайынча же бүтмөйүнчө, кичүүлөр эч качан тамакка колун салбай же тамактанып бүтүп туруп кетбейт, ушунусу менен улууларга болгон сый-урматын көрсөтөт. Бул – кыргыздын маданиятынын өзгөчөлүктөрү.

Үчүнчү баптын **«Кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» ЛСТсынын сыпаттап берүүнүн ыкмалары»** деген бөлүмүндө салыштырылып жаткан тилдердеги тамак-аш/азык ЛСТсына байланышкан сын атоочтор салыштырылып, изилдөөгө алынган. Кытай тилинде тамак-аш азыктарынын ар түрдүү сапаттарын жана өзгөчөлүктөрүн туюндурууга карата колдонулган тилдик каражаттар көп кырдуу, мындан тышкары, тамак-аштын жытына байланыштуу да бир катар тилдик каражаттар бар. Кытай тилинде тамактын даамын сүрөттөө үчүн колдонулган сын атоочтор: 可口 *kě kǒu (даамдуу, табитке туура келүү);* 清香 *qīngxiāng*

*(жыпар жыттуу, жыты аңкыган);* 香甜 *xiāngtián (жыпар жыттуу жана таттуу)* ж.б. Даамга байланышкан сын атоочтордон тышкары, кытай тилинде тамактын түрүнө карата да метафоралар кеңири колдонулат: 垂涎三尺 *chuíxián sānchǐ – (сөзм.сөз. шилекей үч карыш ылдый чууруп) шилекейди чууруткан, көз күйдүргөн;* тамактын түсү, кооздугу: 色味兼备 sè wèi jiānbèi – *сөзм.сөз. тамактын даамында тигиниси да, мунусу да бар,* б.а., тамактын түсү да, даамы да жагымдуу, жасалга менен даамдын айкалышуусу.

Кыргыз тилиндеги тамак-аш/азык ЛСТсына кирген даамга, даярдоого байланышкан сын атоочтордун семантикалык топторунан тышкары, азыктардын ар кандай касиеттерине, даамына, мүнөздөмөлөрүнө, тамакты даярдоо ыкмаларына карата фразеологизмдер жана метафоралар активдүү колдонулат. Маселен, *балдай таттуу*, фразеологизм: *Алтын — күмүш таш экен, арпа — буудай аш экен*. Мында буудай менен арпа азык катары бааланып, алтын менен күмүшкө салыштырылуу менен, анын баалуулугу туюндурулган.

Сөз болуп жаткан **баптын төртүнчү бөлүмүндө кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» талаасынын экспоненттерине жалпы структура-семантикалык илик жүргүзүлгөн.** Кытай жана кыргыз тилдеринин тамак-аш лексика-семантикалык системасындагы 1600дөн ашык сөздөр менен аталыштардын структуралык байланышын изилдөөдөн кийин, кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» лексика-семантикалык талаасын төмөндөгүдөй структурасы аныкталды (График 3.4., 3.5.):





График 3.4. – Кытай тилиндеги «тамак-аш» талаасынын структура-семантикалык анализи




График 3.5. – Кыргыз тилиндеги «тамак-аш» талаасынын структура-семантикалык анализи

Жогоруда сөз болгон ыкмалардын жардамы менен топтолгон материалдардын негизинде салышырылып жаткан тилдердеги «тамак-аш» ЛСТсынын негизги жака бели аныкталды. Системанын бул элементтери, башкача айтканда, топтун бардык башка элементтерин алмаштыра алат, же бул сөздөрдү чечмелөөдө негизги өзөк катары аныкталат.

Салыштырылып жаткан тилдердеги «тамак-аш» ЛСТсын пайыздык катышта изилдөөдөн кийин натыйжаларды төмөндөгүдөй сүрөттөр аркылуу көрсөтүүгө болот:





График 3.1. – Кытай тилинин «тамак-аш» семантикалык тобу





График 3.2. – Кыргыз тилинин «тамак-аш» семантикалык тобу

Кытай тамак-аш маданиятында жашылча-жемиштерден жана эттен жасалган суюк жана коюу тамактар көбүрөөк керектелет (34%), суусундуктар, негизинен, сүт, чай, күрүч тундурмалары (12%) түзөт. Ал эми кыргыз тамак-аш маданиятында биринчи жана негизги орунду эттен жасалган коюу тамактар (31%), андан соң ун жана дан азыктары (26%), сүт азыктары (16%), калгандарын суюк тамактар жана суусундуктар ээлейт.

Кыргыздарга көчмөн этномаданият мүнөздүү болгондуктан, алар үчүн тамак-аштан баш тартуу (бир ай аралыгында орозо кармоо) – кадимки эле көрүнүш. Ал эми кытайлар үчүн тамактан баш тартуу сергек жашоо образын философиялык түшүнүүдөн, тамактанууда инь（阴）жана ян（阳）энергияларынын тең салмагын сактоо менен байланыштуу. Эт азыктарына байланышкан лексемаларды иликтөөдөн кийин эки маданияттагы төмөндөгүдөй айырмачылыктар аныкталды. Кытайларда тамак-ашка мындай чектөөлөр жок, ал эми кыргыз маданиятында эшектин, чочконун этине жана курт-кумурскаларды азык катары пайдаланууга маданий өзгөчөлүктөр жол бербейт.

**Үчүнчү баптын бешинчи бөлүмү кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» ЛСТсынын тутумундагы фразеологизмдерге салыштырма-тектештирме талдоо жүргүзүлгөн.**

Соңку мезгилдерде тил илими жаатында жазылган эмгектерде фразеологизмдерди системалык структуралык изилдөө менен бирге, аларда улуттук дүйнө таанымдын чагылдырылышынын өзгөчөлүктөрүнө басым жасалып жаткандыгын байкоого болот. Мындай өзгөчөлүктөр «тамак-аш» компоненти катышкан фразеологиялык бирдиктерден да көрүнөт. Кытай

тилинин фразеологиясында айрым лексемалар конокторду жылуу тосуп алуу жана меймандостукту билдирүү үчүн колдонулат: 饭 fàn – *күрүч (тамак),* 茶 *chá – чай жана* 浆 *jiāng – ичимдик (суусундуктар):*三茶六饭 *sānchálìùfàn — сөзм.сөз. үч чай, алты тамак — кучак жайып тосуп алуу;* 白饭青刍 *bái fàn qīng chú — сөзм.сөз. ак күрүч, жашыл чөп – нан, туз менен тосуп алуу.* Үй ээсинин коноктордун алдына ак күрүч коюп сыйлап, ал эми алардын минип келген аттарына чөп салгандыгы, конокко карата гана эмес, анын атына да көнүл бургандыгын көрсөтөт.

Кыргыздын фразеологиялык бирдиктеринде чыр-чатактан качуу, жанындагылар менен ачык тирешүү эмес, жылуу тосуп алуу, меймандостук көрсөтүү максаты даңазаланат. Кыргыз элинин турмуш-тиричилигинде аш-тойлоо, тамак берүү ырым-жырымдары алардын турмуш-тиричилигинин маанилүү бөлүгү болуп саналат. Кыргыз аны таарынтканды, кемсинткенди кечирип гана койбостон, алдына аш тартууга даяр: *Таш менен урганды **аш** менен ур — ким сени таш менен урса, ага сый менен жооп бер. Таш, ташты эриткен **аш**.*

Тамак даамдуу гана болбостон, анын табитти ачкан жагымдуу жыты да болушу керек, ошондуктан тамактын көрүнүшүнө, жасалгасына байланышкан фразеологиялык бирдиктер көп. Кытай тилинин фразеологиялык бирдиктеринде тамактын табитти ачуучу чүйгүн даамы 味 *wèi* (даам), 色 *sè (*түс), 香 *xiāng* (жыт) лексемалары аркылуу туюндурулат*:* 山珍海味 *shānzhēn hǎiwèi — сөзм.сөз. тоо деңиздин баалуулуктары – чүйгүн тамактар, деликатес.* Кытай тилиндеги фразеологиялык дүйнө сүрөтүндө *байлык* 玉食 *yùshí (дүйүм тамак),* 足食 *zú shí (берекелүү тамак)* сөз айкаштары аркылуу берилет.

Кыргыз маданиятында тааныш-билиш, чоочун бирөөлөр өтүп бара жатса үйгө кирип, даам (нан) ооз тийип кет дешет: *Даам татуу (ооз тийүү).* Келгендерге тамак тартуулабоо, нан ооз тийгизбөө – өзүңдүн жаман адеп-ахлактыгыңды көрсөтүп, конокко урмат көрсөтпөө дегенди билдирет. Кыргыздар үчүн эң баалуу тамак — нан. Кыргыздардын нанга болгон мамилеси ар дайым өзгөчө. Кыргыздар үчүн нандын ыйык мааниси бар: *Нандан улуу тамак жок, адамдан улуу атак жок.* Камыр ачытуунун өзгөчө ыкмалары да болгон. Азыр нан жасаш үчүн камырга ачытқы кошулат, бирок эзелтеден кыргыздар камырга *камыртурушту* колдонушкан, аны өздөрү жасашкан, айранга, бозого, максымга бир аз ун кошуп, аралаштырып 3-4 күн коюп, анан нан бышырганда табигый ачыткы катары колдонушкан.

Кыргыздын түшүнүгүндө эмгек – ооруга даба, маанайдын жайлуулугунун, токчулуктун кепилдиги: *Иши жоктун - **ашы** жок; Иштебеген тиштебейт.* Өз эмгеги менен табылбаган тамак сиңбейт: *Арам тамак-аш болбойт.* Ал эми кытайлар эмгекти сүйгөндүктөн, күндөп-түндөп иштеп, аз тамактанууга даяр болгону менен, тамактануу учурун

өткөрүп жиберишпейт: 食 少 事 繁 *shíshǎoshìfán — сөзм.сөз. аз тамактанган жана көп иштеген — абдан эмгекчил, мээнеткеч;* Кыргыз тилинде: *Ашың калса калсын- ишиң калбасын.* Ушул сыяктуу өзгөчөлүктөрдөн эки элдин тамак-ашка болгон концептуалдык мамилелериндеги айырмачылыктар таасын байкалат, кыргыз элинин психологиясында иш биринчи кезекке коюлуп, ал эми тамак качпайт дегендей мамиле жасалат.

Ден соолук жана тамак-аш кылымдар бою кытай маданиятында, анын салттуу медицинасында өз ара тыгыз байланыштагы түшүнүктөр катары кабылданып келген. Кытай тилинде ченеми менен тамактанууга, ашыкча жебөөгө байланышкан фразеологиялык бирдиктер бар. Керегинен ашык тамактануунун ден соолукка зыяндуулугуна, тамактанган соң жеңил физикалык көнүгүү жасоо керектигине, жашылча-жемиштерди, тофуну көбүрөөк жеп, этти азайтууга байланыштуу 一日吃三枣，*一生不显老 – сөзм. сөз. бир күндө үчтөн курма жесең, өмүр бою карыбайсың – сен өмүр бою жаштыгыңды сактайсың* деген өңдүү фразеологизмдер бар. Милдеттүү түрдө керектөөгө сунушталган азыктардын белгилүү категориясы бар. Мындай азыктарга *курма, имбирь, сарымсак, пияз* кирет, анткени кытай салттуу медицинасында аталган азыктардын организмге тийгизген пайдасы өзгөчө сыпатталат. Кытай элинде ашкана маданиятына өзгөчө көңүл бурулгандыктан, кытай тилинде өзөк жалгап алуу, тез тамак жасай калуу деген өңдүү түшүнүктөр жок.

Көчмөн жашоо образы кыргыздарды узакка созулган жолдо бараткандагы кыйынчылыктарга, ачкалыкка, чаңкоого жана чарчоого чыдамдуу кылат. Кыргыз жеринин бийик тоолуу аймактарында адамдын ден соолугун жана аймактын табиятын эске алуу менен тамак-ашты туура пайдалануу жана аны чектөө өзгөчө мааниге ээ болгон. Кыргыздар адамдын дең соолугунун начарлашынын негизги себебин организмдеги тең салмактуулуктун бузулушу менен байланыштырышкан: «ысыктын» жана «сууктун» таасири менен. Ошондуктан тамырдын кагышына байкоо жүргүзүү аркылуу дартты аныктаган табыптар анын себебин аныктап, бейтапты дарылоо ыкмасын сунуштап, «суук» басымдуу болгондорго калориялуу, майлуу тамактарды, ал эми «ысык» басымдуу болгон бейтаптарга табы менен тамактанып, калориялуу тамактарды чектөөнү сунушташкан. Байыртадан кытайлар суу менен дарыланып келишкен, мүнөздөп тамактануу аркылуу дарылануу 稀饭 деп аталат – кайнатылган күрүч, ал эми кыргыздарда *көк суу* (сууга кайнатылган дан азыктары) колдонулуп келген.

Фразеологиялык бирдиктердеги эр жүрөк адам 斗 dǒu *«доу» (чөмүч, табак)* иероглифи аркылуу туюндурулат: 胆大如斗 dǎn dà rù dǒu – (*сөзм.сөз. өтү бир "доу" өлчөмүндө*) – кайраттуу, эр жүрөк адам; ал эми курч бычак аркылуу адам мүнөзүндөгү чечкиндүүлүк берилет: 快刀斩乱麻

*kuàidāo zhǎn luàntá — сөзм.сөз. курч бычак менен чаташкан кара куурайды кесүү – оор кырдаалда тез жана чечкиндүү кадам жасоо.* Кыргыз тилиндеги «адам мүнөзү» семантикалуу тамак-аш ЛСТсынын компоненттери бар фразеологизмдер адамдын физикалык ишти чеберчилик менен аткаруу, кыйын жана күтүүсүз абалдан тапкычтык менен тез чыгуу жөндөмүн билдирет: *кара суудан **каймак** алуу – өтө чебер; камырдан кыл сууругандай – абдан эпчил, чебер адам.* Кыргыз элинде ниеттин актыгы, түз жүрүм-турум ак түскө байланыштырылат: *сүттөн ак* – таза, эч кандай күнөөсүз. Кыргыз тилинде дагы бир *ак чачуу* деген фразеологизм бар, ал боз үйүнө сойлоп кирген жыланга ак чачып кетирүү же ал суусунун кандырып кетсин деген ойдо табакка сүт куюп коюу ырым-жырымынын өзөгүндө адамдарга гана эмес, айбанаттарга да болгон гумандуу мамиле, жогорку адамдык асыл сапат бар экендиги талашсыз.

Байлык жана барчылык кыргыздарда, эң оболу, тамак-аштын, майдын молдугу, алардын ашып-ташып турушу аркылуу берилет (майы агып, тамак-ашы төгүлүп, чачылып). Кыргыздар жаңы төрөлгөн ымыркайды *сары май менен оозандыруу,* жаңы келген келиндин оозуна сары май салуу ырымын кылуу менен, баланын амандыгын, ден соолугун жана келиндин келечекте береке-барчылыкта жашоосун тилек кылышкан. Ал эми өлгөн иттин оозуна сары май салып коюу ырымы итти «ток кетсин» деген ниет катары чечмеленип, кыргыз элинин жаныбарга болгон сый-урматын, гумандуу мамилесин айгинелеп турат.

Жардылык кытай тилинде 食不… shí bù … (…тамак-аштын аздыгы), 饭糗 *fànqiǔ* (кургак күрүч) аркылуу туюндурулат, маселен, 食不二味，居部重席 *shí bù èr wèi, jūbù chóngxí — сөзм.сөз эки тамак, эки төшөк – өтө жакыр жашоо;* 饭糗茹草 *fànqiǔrúcǎo – сөзм.сөз кургак күрүч, чөп жеген – араң жак багуу, кедей жашоо*. Кыргыз элинде жардылык нандын жоктугуна байланыштырылат: *бир үзүм наны жок.*

Аңкоо, акылсыз адамдын ой жүгүртүүсү жана мээси буурчакка байланыштуу салыштыруулар аркылуу туюндурулат, маселен, 豆渣脑筋 *dòuzhā nǎojīn – сөзм.сөз башы толо буурчак – аңкоо, акылсыз адам,* адамдын бул терс сапатына байланыштуу кыргыз тилиндеги *көкүрөгүн көк талкан баскан* деген фразеологизмди келтирүүгө болот. Аңкоо адам кыргыздарда дагы эшек менен да ассоциацияланат *(эшектин мээсин жеген),* анткени кыргыздар эшектин этин жешпейт, ошондуктан бул сөз айбанга да, анын мээсине да тамак катары терс мамилени ачык көрсөтүп турат. Кыргызда ач көздүк адамдын алкымы аркылуу көрсөтүлөт ***(алкы** бузук).*Ал эми текебер, бой көтөргөн киши кымызга толуп турган, кыргыздын күнүмдүк турмушунда колдонулган чаначка салыштырылат (***чаначтай** көпкөн).*Кытай тилинин фразеологиясында адамдын кызуу кандуулугу 盐 *yán – **туз*** лексемасы аркылуу туюндурулат: 撮盐入火

*сибуáпгǜhиǒ – сөзм.сөз. отко ыргытылган бир чымчым* **туз** - *ачуулуу, кызуу кандуу.*

Материалдарды иликтөөнүн натыйжасында салыштырылып жаткан тилдердеги «тамак-аш» ЛСТсынын тутумундагы фразеологиялык бирдиктердин өзгөчөлүктөрү аныкталды. Кытай тамак-аш маданиятында ар бир азык символдук милдетти аткарат жана мааниге ээ, маселен, барчылык жана молчулук эт, күрүч жана чүйгүн тамак-аштардын молдугу менен, ал эми сорголтук шарап, өлчөөсүз тамак-аш менен, бейпилдик жана жайбаракат жашоо тартиби ашкабак лексемасы менен ассоциацияланат. Кыргыз тилинде меймандостук аш, дасторкон, май лексемаларынын катышуусу аркылуу туюндурулса, адамдын мурду чанач, бети табак, боорсок менен салыштырылат. Мал чарбасы менен байланышкан көчмөн, жашоо образынын таасиринен улам, кыргыздар убакытты *бээ саам, чай кайнам* өңдүү жана башка күнүмдүк тиричиликтеги иштердин аткарылышы аркылуу өлчөшкөн. Ал эми кытайлар убакытты жашылча-жемиштердин бышуусуна карата аныкташкан. Эки маданиятта тең ден соолук концепциясы тамактануу философиясы менен тыгыз байланышкан, бул белгилүү азыктарды тандоо жана колдонуу өзгөчөлүктөрүн гана эмес, тамак-аштын дене менен рух гармониясын сактоодогу ролу жөнүндөгү терең түшүнүктөрдү, ошондой эле анын социалдык бакубатчылыкка жана узак өмүргө тийгизген таасирин да камтыйт.

Демек, салыштырылып жаткан эки тилдеги «тамак-аш» ЛСТсынын улуттук өзгөчөлүгү эки элдин жашоо образында, тарыхында жана маданиятында, улуттук психологиясында жана жүрүм-турум нормаларында таасын байкалат.

## КОРУТУНДУ

Изилдөө ишибизде коюлган милдеттерди реализациялоо аркылуу кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» ЛСТсынын спецификасын аныктоо башкы максаты толук ишке ашырылды.

1. ЛСП теориясына арналган эмгектердин анализи биздин изилдөө максатыбызга жакын аныктаманы түзүүгө мүмкүндүк берди. Лексика-семантикалык талаа – сөздүн кеңири маанисинде белгилүү бир түшүнүктү туюнткан жана өз курамына ар түрдүү сөз түркүмдөрүндөгү сөздөрдү камтыган номинациялардын жыйындысы.

Салыштырылган тилдерде тамак-аш жалпы кабыл алынган түшүнүк жана ар бир адамдын жашоосундагы маанилүү элемент, бирок ошол эле учурда кайсы тилде болбосун өзүнүн улуттук-маданий, спецификалык жана оригиналдуу өзгөчөлүктөрү менен айырмаланып турат. Эки лингвомаданиятта тең амандашуунун тамак-ашка байланышкан жалпы мүнөздөмөсү белгиленди: кытай тилиндеги *«你吃饭了吗 (nǐ chīfànle ma)?»* сөзмө-сөз которгондо, «Наар алдыбы? (тамактандыңбы?)» дегенди туюндурса, ал эми кыргыз тилинде жай сурашып, амандашууга карата

«Мал-жан аманбы?» деген сүйлөм колдонулуп келген. Амандашуунун аталган формаларында эки элдин баштан кечирген жашоо образы, шарты, кыргыз элинде мал тоютсуз, суусуз калышына байланышкан тынчсыздануу сезимин жараткан, кытай элинде – тарыхый таасир, бүткүл Кытайда болгон ачарчылыкка байланышкан мезгилде катылып жатат.

2. Системалаштыруу талаа талдоосу методун аркылуу бир катар критерийлер менен параметрлердин негизинде тамак-аш ЛСТсынын 1600дөн ашык номинанттары аныкталып, микро жана макроталааларга бөлүштүрүлдү. Эки тилде тең «суюк тамактар», «коюу тамактар», «эттен жасалган тамактар», «дан азыктары», «суусундуктар» өңдүү жалпы, ошону менен эле бирге уникалдуу категорияларды бөлүп алууга болот, маселен, кытай тамак-аш маданиятына буурчактан, жашылчадан жасалган тамактар мүнөздүү болсо, кыргыз тамак-аш маданиятындагы ун, сүт азыктарын бөлүп көрсөтүүгө болот. Өз кезегинде, көчмөн жашоо образынын тийгизген таасиринен улам, кыргыз элинин жашоосунда эт (кой, уй, жылкынын эти), сүт жана дан эң негизги азык катары эсептелген. Устукан тартууга болгон философиялык мамилени, беш бармак сый тамагын кыргыз элинин тамак-аш маданиятындагы өзгөчөлүк катары кароого болот. Кыргыз элинин кышка карата *кургатуу, тоңдуруу, сүрсүтүү* ыкмалары менен эт жана сүт азыктарын камдоосу анын тамак-ашка болгон кылымдардан берки эт маданиятын көрсөтөт. «Тамак-аш» ЛСТсынын салыштырма талдоосу тамак-ашка болгон концептуалдык мамиледеги айырмачылыктарды көрсөттү: кытайлар эшектин, чочконун этин, жана курт-кумурскаларды азык катары пайдалана беришсе, ал эми аталган жаныбарлардын этин пайдалануу кыргыз элинин этномаданиятына каршы келет.

3. «Тамак-аш» ЛСТсына грамматикалык илик жүргүзүү аркылуу эки тилдеги тамак-аш/азык орток семага ээ болгон, аталган талаанын өзөгүнө, жакынкы жана алыскы жака белдерине кирген зат атоочтор, этиштер жана сын атоочтор аныкталган. Салыштырылган тилдерде «тамак-аш» ЛСТсинин белгилүү синонимдик катарлары аныкталган. Кытай тилинде 饭 fàn – тамак (жана башка бир нече номинациялар) лексемасы өзөктү түзөт. Кыргыз тилинде кытай тилиндегидей ар түрдүү синонимдер жок, ал эми тамак-аш өзөктүк түшүнүгү жалпы маанидеги “тамак” дегенди билдирет.

Тамак-аш ЛСТсынын өзөгүнө кирген, сөз жасоочу мүчөлөрдүн катышуусу аркылуу жасалган зат атоочтордун ортосундагы окшоштуктар бар экендиги байкалды. Кытай жана кыргыз тилдериндеги тамак-аш ЛСТсынын жакынкы жака белине кирген зат атоочтордун салыштырма анализи ар башка маданияттардагы кабылдоонун айырмачылыктарын көрсөттү (эт, күрүч, нан, сүт азыктары, буурчак өсүмдүктөрү). Кытай жана кыргыз тилдериндеги тамак-аш/тамак жасоо процессине байланыштуу вербалдык лексиканын лексика-семантикалык анализи кытай жана кыргыз

тилдеринде тамак-ашты даярдоо жана керектөөдөгү этнотиричиликтик айырмачылыктарды аныктады. Кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» ЛСТсынын жакынкы жана алыскы жака белдерине кирген компоненттерге жүргүзүлгөн илик кытай жана кыргыз тилдеринин сыпаттама лексикаларындагы айырмачылыктарды көрсөттү. Кытай тилинде тамак-аштын жана даамдын сүрөттөлүшү сын атооч, метафора же даяр сөз айкаштары аркылуу берилет. Негизги мүнөздөмөлөргө анын түсү, көрүнүшү, жыты жана тамактын даамы кирет. Кыргыз элинде тамак-аш даамдык артыкчылыктар, азыктардын жана алардын курамынын айрым бышып жетилген абалы менен ассоциациясы сыяктуу аспектилер аркылуу аң-сезимде кабыл алынат.

4. Кыргыз жана кытай тилдериндеги «тамак» лексика-семантикалык тармагынын структурасында жана семантикасында аныкталган айырмачылыктар эки маданияттын улуттук кулинардык салттарынын оригиналдуулугун жана кайталангыстыгын, ошондой эле алардын тарыхый өнүгүү процессинде бири-бирине тийгизген таасирин жана өз ара байышын көрсөтөт, муну биз фразеологиялык бирдиктерден да көрдүк. Эки маданиятта тең тамак-аш социалдык алака-байланышты түзүүнүн маанилүү элементи катары, тамак-аш инсандар аралык, маданият аралык байланыштарды билдирүүнүн негизги жолу болуп эсептелет. Эки тилде жана маданиятта тең тамак-аш энергиянын булагы гана эмес, ал ден соолукту калыбында кармоонун, ал гана эмес дарттан арылуунун каражаты катары кабылданат. Күнүмдүк тиричиликти жана маданиятты чагылдырган когнитивдик белгилер көчмөн жана отурукташып калган элдердин жашоо турмушуна жараша болоорун фразеологиялык бирдиктер айкын көрсөтүп турат.

5. Азыркы доорго мүнөздүү ааламдашуу шартында, көптөгөн маданияттар өз ара карым-катышка, алака-аракетке кирип, айрым учурларда алар бири-бири менен жуурулушуп кетүүдө. Экономикалык жактан күчтүү маданияттардын ашканасы, керектеген азыктары жаштардын аң-сезиминин калыптанышына таасирин тийгизбей койбойт *(хо-го, лапша по ланчжоуски),* ошого карабастан, улуттук ашкананын *курут, чучук* өндүү салттуу тамактарынын, суусундуктарынын *(кымыз, бозо, жарма)* сакталып калуусу, алардын кайра жаралуусу жана жайылтылуусу элдин өзүнчөлүүлүгүн сактап калуунун өбөлгөлөрүнүн бири катары эсептелет.

Ошентип, салыштырылган тилдердеги “тамак-аш” ЛСТси улуттук өзгөчөлүгү кытай жана кыргыз тилдеринде сүйлөгөндөрдүн жашоо образы, тарыхы жана маданияты менен шартталат.

**Изилдөөнүн перспективасы:** изилдөөнүн келечеги өз ара байланыштагы методдордун, өңүттөрдүн жана түшүнүктөрдүн башка айкалыштарын камтышы мүмкүн. Диссертацияда сунушталган жана апробацияланган өңүттөр ар башка маданияттардагы «тамак-аш» лексика-

семантикалык талаасынын башка фрагменттерин сыпаттоодо колдонулушу мүмкүн.

**Изилдөө ишинин жүрүшүндө** изилдөөнүн **гипотезасы** аныкталды: «тамак-аш» лексика-семантикалык талаасын талаа өңүтүнөн карап, лингвомаданият таануучулук илик жүргүзүү андагы эки элдин улуттук өзүнчөлүүлүгүнүн кеңири этномаданият контекстинде дүйнөнүн тилдик сүрөтүнүн бир фрагменти катары спецификасын аныктоого өбөлгө түзөт.

**Диссертациянын темасы боюнча жарык көргөн эмгектердин тизмеси:**


1. Кочорбаева, Р. Б. Характеристика понятия «лексико-семантическое поле» [Текст] / Р. Б. Кочорбаева // Молодой исследователь: вызовы и перспективы: Сборник статей по материалам XXIX МНПК. Том № 4(29): «Интернаука», 2017. – С. 33-38. https://scholar.google.com/citations?view_op=view_citation&hl=ru&user=biuaubUAAAAJ&citation_for_view=biuaubUAAAAJ:u5HHmVD_uO8C
2. Кочорбаева, Р. Б. Лексико-семантическое поле «еда» (фрагмент языковой картины мира в китайском и кыргызском языках) [Текст]/ Р. Б. Кочорбаева // Филологические и социокультурные вопросы науки и образования: Сборник материалов III МНПК – Краснодар: Изд. КубГТУ, 2018. – С. 127-135. https://kubstu.ru/data/celist/CE1991.pdf
3. Кочорбаева, Р. Б. Лексическое поле концепта «еда» в китайском и кыргызском языках [Текст]/ Р. Б. Кочорбаева // Современные проблемы филологии и методики преподавания языков: вопросы теории и практики: сборник научных трудов V МНПК Елабуга / Елабужский институт КФУ. – Елабуга: Б.и., 2021 – С. 119-122. https://elibrary.ru/item.asp?id=28975056&pff=1
4. Кочорбаева, Р. Б. Фразеологическая объективация концепта «гостеприимство» в китайском и кыргызском языках [Текст]/ Р. Б. Кочорбаева // ГАРИПОВСКИЕ ЧТЕНИЯ: Материалы МНПК, посвящённой 95-летию со дня рождения проф. Т. М. Гарипова – Уфа: БГПУ им. М. Акмуллы, 2023. – С. 129-133. https://elibrary.ru/item.asp?id=54897340
5. Кочорбаева, Р. Б. Взаимосвязь между лексическими особенностями традиционной китайской культуры питания и экономическим развитием на современном этапе [Текст] / Р. Б. Кочорбаева //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана – №10, 2023. – С. 115-119. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=68646342
6. Кочорбаева, Р. Б. Особенности лексическо-семантического поля «еда» в китайском и кыргызском языках [Текст]/ Р. Б. Кочорбаева //Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана – №10, 2023. – С. 120-123. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=68646345
7. Кочорбаева, Р. Б. «Еда» в китайском и кыргызском языках: монография [Текст]/ Р. Б. Кочорбаева. – Бишкек, 2024. – 160 с.

Тамак-аш» лексика-семантикалык талаасы (кытай жана кыргыз тилдеринин материалдарында)» аттуу темада 10.02.20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык ишинин


**РЕЗЮМЕСИ**

**Негизги сөздөр:** *талаа, тил, түшүнүк, негизги (жака) бел, тамак-аш, анализ, метод, фразеологиялык бирдиктер, структура, өзгөчөлүк, улуттук, универсалдуулук, аш, салт, тамак-аш маданияты*.

**Изилдөөнүн объектиси** – кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак» лексика-семантикалык талаа болуп саналат.

**Изилдөөнүн максаты** — кытай жана кыргыз тилдериндеги "тамак-аш" лексика-семантикалык талаасынын (ЛСТ) өзгөчөлүгүн аныктоо, ошондой эле эки маданиятта тамак-аштын тил аркылуу концептуалдашуусу жана кабыл алынышындагы өзгөчөлүктөрдү жана айырмачылыктарды талдоо. Бул максаттын алкагында "тамак-аш" ЛСТнын түзүмүн жана курамын изилдөө, негизги лексикалык жана фразеологиялык бирдиктерди, алардын семантикалык мүнөздөмөлөрүн жана маданий ассоциацияларын аныктоо, ошондой эле улуттук-маданий факторлордун тамак-ашты туюндурган сөздөргө тийгизген таасирин талдоо каралган.

**Изилдөөнүн предмети** – «тамак-аш» лексика-семантикалык талаасына кирген лексикалык жана фразеологиялык бирдиктердин лингвомаданий өзгөчөлүктөрү саналат.

**Изилдөө методдору.** Изилдөөдө эмпирикалык, сыпаттоо, салыштырма-тарыхый, компоненттик анализ, интерпретациялоо, фразеологиялык сыпаттоо методдору, ошондой эле структуралык типологиянын жана лингвомаданият таануунун айрым ыкмалары менен методдору колдонулду.

**Изилдөөнүн негизги натыйжалары:**

1) кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» лексика-семантикалык талаасын түзүүчү лексемаларга салыштырма-тектештирме өңүтүнөн илик жүргүзүлдү;
2) кытай жана кыргыз тилдериндеги «тамак-аш» лексика-семантикалык, фразео-семантикалык талааларынын курамындагы негизги каражаттар (макро жана микроталаалар) аныкталып, алар сыпатталды;
3) эки башка системадагы тилдердин материалында «тамак-аш» ЛСТсын репрезентациялаган сөз түркүмдөрүнүн (зат атоочтор, сын атоочтор, этиштер) лексика-семантикалык топторуна структуралык-семантикалык илик жүргүзүлдү;
4) салыштырылып жаткан эки лингвомаданияттагы «тамак-аш» ЛСТсын объективдештирүүчү фразеологиялык бирдиктердин өзгөчөлүктөрү көрсөтүлдү;
5) кытай жана кыргыз маданияттарындагы ашкананын жана тамактануу салтынын жалпы жана бөтөнчө өзгөчөлүктөрү аныкталды

**Иштин натыйжаларынын колдонулуу чөйрөсү**. Диссертациянын натыйжалары кытай жана кыргыз тил илими, маданияттар аралык байланыш, салыштырма лингвистика боюнча теориялык курстарда, лингвокультурология боюнча атайын курстарда, кытай тилин окутуунун теориясы менен практикасында, окуу куралдарын жазууда жана сөздүктөрдү түзүүдө, ошондой эле тил илиминде колдонулушу мүмкүн. Чет тилдер факультеттеринин студенттеринин курстук жана дипломдук иштеринин темаларында чагылдырылат. Кошумчалай кетсек, бул иштин натыйжалары тил менен маданияттын өз ара байланышынын маселелерин иштеп чыгуу үчүн колдонулушу мүмкүн, ошондой эле котормо таанууда да негиз боло алат.

**РЕЗЮМЕ**

диссертации Кочорбаевой Радимы Болотбековной на тему « Лексико-семантическое поле «еда» (на материале китайского и кыргызского языков)» на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.20 сравнительно-историческое, типологическое и сопоставительное языкознание.

***Ключевые слова:*** *поле, язык, понятие, периферия, еда, анализ, метод, фразеологические единицы, структура, особенность, национальный, универсальный, блюдо, традиция, пищевая культура.*

**Объектом исследования** является лексико-семантическое поле «еда» в китайском и кыргызском языках.

**Цель исследования** — выявление специфики лексико-семантического поля (ЛСП) «еда» в китайском и кыргызском языках, а также анализ особенностей и различий в концептуализации и восприятии пищи в двух культурах через язык. В рамках этой цели предполагается изучение структуры и состава ЛСП «еда», выявление основных лексическо-фразеологических единиц, их семантических характеристик и культурных ассоциаций, а также анализ влияния национально-культурного фактора на язык, описывающий еду.

**Предметом исследования** является лингвокультурные особенности лексических и фразеологических единиц входящих в лексико-семантического поля «еда».

**Методы исследования**. В диссертации использованы эмпирический метод, описательный, сопоставительный, сравнительно-исторический, компонентный анализ, интерпретации, метод фразеологического описания, приемы и методы структурной типологии, лингвокультурологии.

**Основные результаты исследования**:

1) осуществлен сравнительно-сопоставительный анализ лексем, формирующих лексико-семантическое поле «еда» в китайском и кыргызском языках;

2) определены и описаны основные составляющие (макро- и микрополя) лексико-семантического и фразеосемантического поля «еда» в китайском и кыргызском языках;

3) проведен структурно-семантический анализ лексико-семантических групп частей речи (существительных, прилагательных, глаголов), репрезентирующих поле «еда» на материале двух разносистемных языков;

4) продемонстрированы особенности фразеологических единиц, объективирующих ЛСП «еда» в двух сопоставляемых лингвокультурах;

5) выявлены как общие, так и уникальные особенности кухни и традиций приема пищи в китайской и кыргызской культурах.

**Область применения результатов работы.** Результаты могут найти использование в теоретических курсах по китайскому и кыргызскому языкознанию, межкультурной коммуникации, по сопоставительному языкознанию, в спецкурсах по лингвокультурологии, в теории и практике преподавания китайского языка, при написании учебно-методических пособий и составлении словарей, а также при разработке тематики курсовых и дипломных работ студентов факультетов иностранных языков. Кроме того, результаты данной работы могут быть использованы для разработки вопросов соотношения языка и культуры, которые также могут быть использованы при переводоведении.

**ABSTRACT**

**of thesis «Lexical-semantic field «food» (on the material of Chinese and Kyrgyz languages)» by Kochorbaeva Radima Bolotbekovna for the degree of Candidate of Philological Sciences in 10.02.20 - Comprative Typology, Historical and Comparative Linguistics.**

***Key words:*** *field, language, concept, periphery, food, analysis, method, phraseological units, structure, feature, national, universal, dish, tradition, food culture*.

**The object of study** is lexical-semantic field «food» in Chinese and Kyrgyz languages.

**The aim of the study** is to identify the specifics of the lexical-semantic field “food” in the Chinese and Kyrgyz languages, as well as to analyze the features and differences in the conceptualization and perception of food in the two cultures through language. Within the framework of this goal, it is proposed to study the structure and composition of the LSF “food”, identify the main lexical and phraseological units, their semantic characteristics and cultural associations, as well as analyze the influence of the national-cultural factor on the language describing food.

**The subject of the study** is the linguocultural features of lexical and phraseological units included in the lexical-semantic field «food».

**Research methods.** The empirical method, descriptive, comparative, comparative-historical, component analysis, interpretation, the method of phraseological description, techniques and methods of structural typology, linguacultural studies methods were used in the dissertation.

**General findings of the study:**

1) a comparative analysis of the lexemes that form the lexical-semantic field “food” in the Chinese and Kyrgyz languages was carried out;

2) the main components (macro- and microfields) of the lexical-semantic and phraseological-semantic field "food" in the Chinese and Kyrgyz languages were defined and described;

3) a structural-semantic analysis of the lexical-semantic groups of parts of speech (nouns, adjectives, verbs) representing the LSF "food" was carried out using the material of two languages with different systems;

4) the features of phraseological units objectifying the LSF “food” in two compared linguacultures are demonstrated;

5) both common and unique features of cuisine and food traditions in Chinese and Kyrgyz cultures were identified.

**Scope of application**. The results can be used in theoretical courses on Chinese and Kyrgyz linguistics, intercultural communication, comparative linguistics, in special courses on linguacultural studies, in the theory and practice of teaching the Chinese language, in writing teaching aids and compiling dictionaries, as well as in developing the topics of coursework and diploma theses for students of foreign language faculties. In addition, the results of this work can be used to develop issues of the relationship between language and culture, which can also be used in translation studies.

The results of the comprehensive study of the culinary features of the Chinese and Kyrgyz peoples can contribute to the improvement and further research in the field of comparative study of the two languages. In addition, the results of this paper can be used to develop the issues of language and culture relationship, which can also be used in translation studies.